**Табалдиева Чынара Бейшенкариевнанын «Негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттик**

## ПИКИР

***Изилдөө темасынын актуалдуулугу.*** Табалдыева Чынара Бейшенкариевнанын диссертациялык изилдөөсү азыркы учурда мектеп педагогикасында теориялык жана практикалык жактан өтө олуттуу болуп эсептелген проблеманы -негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын айкындоого арналган. Учурда Кыргызстанда экономикадагы кем өксүктөрдү табияттын байлыктарын сарамжалсыз пайдалануу аркылуу толтурууга багытталган иш аракеттер актуалдуу экологиялык көйгөйлөргө кептеп бара жаткандыгы калайык калкка атайын түшүндүрүүсүз эле жеткиликтүү болуп бара жатат. Бул көйгөйлөр түрдүү деңгээлде, түрдүү чечимдер анын ичинде мектеп партасында, окуу планында белгиленген предметтердин мүмкүнчүлүгүн ачуу, жана илимий педагогикалык көз караштардын негизинде ийкемдүү, жемиштүү колдонуу аркылуу чечилиши зарыл экендиги расмий мамлекеттик билим берүү документтеринде да, педагогикалык коомдук пикирде да баса белгиленип келет. Биз расмий оппонент катары изилдөөчү тарабынан аталган проблема боюнча педагогикалык илим менен практиканын ортосунан чыккан карама -каршылыктар тууралуу автор тарабынан белгиленген тезистерге кошулабыз. Бул карама-каршылыктар алкагында Табалдиева Чынара Бейшенкариевнанын «Негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу» деп аталган 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы актуалдуу жана өз убактысында аткарылган изилдөө катары ишенимдүү белгилөөгө болот. Бул изилдөө толук бүткөн , өз алдынча

аткарылган илимий эмгек болуп саналат, анын актуалдуулугу маселенин ата мекендик илимде теориялык жана практикалык жактан жеткилең иштелбегендиги менен шартталат.

**Диссертациялык изилдөөнүн максатын** - Негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык моделин,шарттарын иштеп чыгуу жана экспериментте текшерүү маселелери түзөт.

Изилдөөнүн милдеттерин коюлган максатты этап-этап боюнча логикалык ыраатуулукта чечүү маселелери түзөт. Коюлган максат жана анын структурасы катары белгиленген милдеттер Кыргызстандын педагогикалык илиминин контексттиндеги чечилген маселелердин алкагынан алып караганда кыйла жаңы.

**2.**Диссертациялык жумуштун алкагында изилдөөчү илим жана практика үчүн актуалдуу **төмөнкүдөй натыйжаларды** жарата алган.

**1-натыйжа.** Теориялык жана эмпирикалык изилдөөлөрдүн натыйжасында окуучулардын экологиялык маданиятынын мазмундук, структуралык жана критерийлердин мүнөздөмөлөрү иштелип чыккан. Диссертациялык изилдөөнүн милдетине ылайык "окуучунун экологиялык маданияты" түшүнүгүнүн маани-маңызы тууралуу илимде калыптанган түрдүү көз караштарды талдап конкреттештирип өз алдынча аныктама формасында тыянак чыгарууга жетишкен. Изилдөөчү педагогикалык түшүнүктөрдү анализдөөнүн системдүүлүк принцибине таянуу окуучунун экологиялык маданиятын анын социалдык-инсандык маданияты, компетенттүүлүгү менен бир контекстте караган. Бул мамиле автордук позициянын Кыргызстандын мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптары менен шайкештигин тастыктайт.

**2-натыйжа.** Педагогикалык кубулуштарды моделдештирүү, реконструкциялоо теорияларына таянуу менен география предметин окутуу процессинде окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары айкындалган.

**3-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун критерийлерин, этаптарын технологияларын ичине камтыган модели иштелип чыккан. Изилдөөнүн натыйжалары география сабактарында окуучулардын экологиялык маданиятты калыптандыруу процесси үч этап боюнча белгилүү мазмун, методдордун комплекси аркылуу ишке ашаарын тастыктайт.

**4-натыйжа.**Негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууну педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктарын талдоо сунуш кылынган педагогикалык шарттар, модель, окутуунун технологиясы экологиялык маданияттын калыптануу деңгээлине таасир тийгизе тургандыгы далилденген.

**3. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы.**

Изилдөөдөн келип чыккан теориялык тыянактардын ишенимдүүлүгү тиешелүү методологиялык жоболордун жана методдордун жетекчиликке алынышы аркылуу камсыздалган. Коргоого коюлган диссертация илимий натыйжаларга жетүү жолундагы автордун изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн жана өздүк салымын тастыктай алат. Диссертациянын материалдары изденүүчү Ч. Табалдиеванын изилдөөнүн бардык процессинде изилдөөчү, алдыңкы тажрыйба түзүү багытында эксперименталдык иштерди уюштуруучу катары ишмердүүлүгүн ачык байкоого мүмкүнчүлүк берет.

4. **Диссертацияда изденүүчү чыгарган ар бир илимий жыйынтыктарынын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли:**

**1-жыйынтык.** *Жарым жартылай жаңы*, себеби, окуучулардын экологиялык маданиятынын мазмундук, структуралык жана критерий боюнча мүнөздөмөлөрүтүуралуу мурдагы изилдөөлөрдөгү корутундулар терендетилип конкреттештирилген.

**2-жыйынтык.** *Жаңы* деп эсептелет, анткени Негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары кыргыз педагогикасында алгач ирет айкындалган.

**3-жыйынтык.** *Жаңы,* Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун критерийлерин, этаптарын технологияларын ичине камтыган модели диссертанттын өз алдынча изилдөөсүнүн негизинде жаңы табылгалар менен конкреттештирилген.Бул модель география предметинен чегинен тышкары жалпы эле мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруунун модели катары кызмат кылууга жарамдуу.

**4-жыйынтык.** *Жаңы,* Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу багытында иштелип чыккан сунуштар мазмундук, мезгилдик, мейкиндик жагынан өз алдынчалыкка ээ.

5. **Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат.**

Жалпы билим берүүчү мектептерде Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары модели, технологиялары мектеп мугалимдеринин иш практикасында жетекчиликке алынышы мүмкүн; география предметинин экологиялык өңүтүн өркүндөтүүдө окуу китептердин авторлору тарабынан колдонулушу мүмкүн; диссертациядагы теориялык көз караштар жана эмпирикалык тажрыйбалар ЖОЖдо болочок география мугалимдерин окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоого даярдоодо колдонууга ийкемдүү.

6. **Ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманын, теориялык жана прикладдык милдеттердин чечилишине алынган жыйынтыктардын багытын баалоо.**

Табалдиева Чынара Бейшенкариевна тарабынан рецензиялоого берилген «Негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу» деген темадагы диссертациясынын жоболору, жыйынтыктары кыргыз педагогикасындагы бул багыттагы теориялык көз караштарды тереңдетүүгө өбөлгө боло алат. Алынган жыйынтыктар өз ара байланыштуу, практикалык сунуштары туура теориялык-методологиялык таянычтардын негизинде түзүлгөн. Диссертант коюлган максат милдеттерди чечүүдө кесиптик жана илимий теориялык, методологиялык жактан даярдыгынын жеткилең экендигин көрсөтө алган. Изилдөөнүн илимий аппаратынын бардык компоненттеринин ортосунда ички логикалык биримдик сакталган. Жалпысынан диссертация тема боюнча ички бир бүтүндүккө бириктирилген бир топ илимий жаңы жыйынтыктарды жана жоболорду ичине камтыйт жана алар изденүүчүнүн педагогика илимине кошкон жеке салымын тастыктай алат.

7. **Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**8.Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.**

Изилдөөнүн багыты боюнча бардыгы 9 макала жарыяланган. Автордун илимий методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде формулданган теориялык жоболорду, ошондой эле практикалык рекомендацияларды толугу менен өз ичине камтыйт.

**9.Диссертация жана авторефераттын мазмунундагы айрым бир мүчүлүштөр катары төмөнкүлөрдү атап кетүүгө болот.**

1. Диссертант Жалпы билим берүүчү мектептерде Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу проблемасын негиздөөдө практикада орун алган обьективдүү жана субьективдүү көйгөйлөрдү айкындаган. Бирок, аларды жетиштүү деп эсептөөгө болбойт. М., Кыргыз Республикасынын географиясынын азыркы мазмуну мугалимдердин кесиптик даярдыгы аталган максатты аткаруу үчүн жетиштүүбү? - деген маселелер жеткилең талдоого алынбай калган.
2. Диссертациянын методология жана методдор бөлүмүндө экологиялык маданиятынын калыптаныш деңгээлдерин аныктоо боюнча диагностикалык инструменттер өз алдынча конкреттүү каралса жакшы болмок.

Бирок, аталган кемчиликтер диссертациянын негизги теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт.

Табалдиева Чынара Бейшенкариевнанын кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот. Автореферат жана жарыялаган эмгектер толугу менен диссертациянын мазмунун чагылдырат жана ага туура келет.

Изилдөөнүн мазмуну жана андагы алынган жыйынтык жободогу көрсөтүлгөн критерийлерге толугу менен жооп берет. Орточо баллдардагы суммасы 4,8 балл.

Табалдиева Чынара Бейшенкариевнанын «Негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу» аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык

изилдөөлөргө коюулуучу талаптарына ылыйык келет. Ал эми изденүүчү Табалдиева Чынара Бейшенкариевна 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент:**
Ош гуманитардык педагогикалык
институтунун педагогика кафедрасынын
башчысы, педагогика илимдеринин
кандидаты, доцент **Даминова И.**

**И.Даминованын колун тастыктайм:**